**«Бекитемин»**

К. Карасаев атындагы Бишкек

мамлекеттик университетинин

илим иштери жана эл аралык

байланыштар боюнча проректору,

филология илиминин доктору,

профессор **Мурзахмедова Г.М.**

___________________________

**«______»_____________2020 ж.**

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын

# ПИКИРИ

Д 13.18.573 – Диссертациялык кеңештин жолдомосу менен К. Карасаев атындагы БМУнун педагогика жана психология кафедрасы 2020-жылдын 27-февралындагы жыйынында **Ашымбаева Токтобубу Абасовнанын** «Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүнүн педагогикалык шарттары ( Кыргыз Республикасынын мисалында)» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча изденип алууга жазган диссертациялык ишин талкуулады.

**Илимий жетекчи**: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Эсенгулова Миркүл Молутбековна.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:** Кыргыз Республикасында социалдык-экономикалык абал билим берүү системасынын өзгөрүүсүнө алып келип, тарбиялоонун сапаттык мазмунун, маңызын кайрадан баамдап түшүнүүнү сунуштоодо. Аймактардын социалдык ар түрдүүлүгүнүн өсүшү, алардын суверендүүлүгү, улуттук-маданий фактордун ролун жогорулашы, калктын социалдык корголушу, жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнө кызыгууну күчөттү.

Кесиптик компетентүүлүк-азыркы учурдагы адистердин маанилүү сапаттарынын бири болуп эсептелинет. Кыргыз Республикасында социалдык педагогдун кесиптик компетенттүүлүк маселесине кызыгуу артылууда, себеби ички жана сырткы миграция, этностор аралык мамилелердин курчушу, турмуштук оор кырдаалына туш болгон жана “тобокел” тобундагы балдардын үй-бүлөлөрүнүн санынын өсүшү жана ага байланышкан көйгөлөрдүн көбөйүшү адистин компетентүүлүгүнө болгон коомдун талабынын деңгээлин өстүрдү.

Акыркы учурда изилдөөлөрдүн илимий кызыкчылыктарынын жана аларда каралып жаткан көйгөйлөрдүн актуалдуулугуна карабастан, бүгүнкү күнгө чейин социалдык педагогдордун кесиптик компетентүүлүгүн өнүктүрүү маселеси атайын изилдөөлөрдүн предмети болгон эмес. коомдун социалдык жактан жеткилең адамдарга муктаждыгы, бирок аны ишке ашырууга учурдагы кыргыз мектептеринин аракетинин жетишсиздиги, бул маселенин кыргыз педагогикасында теориялык жана практикалык аспектиден жеткиликтүү иштелбегендиги, бул багыттагы педагогикалык тажрыйбалардын жыйынтыкталбагандыгы жана илимий жактан жалпыланбагандыгы кыргыз педагогикасы үчүн бул тема актуалдуу деген жыйынтык чыгарууга мүмкүн.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын мисалында социалдык педагогдордун кесиптик компетентүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык

шарттарын негиздөө жана анын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүнө тарыхый-педагогикалык талдоо жүргүзүү жана адистердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмунун, түзүлүшүн аныктоо.
2. Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо.
3. Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүнүн өнүктүрүү моделин иштеп чыгуу.
4. Иштеп чыккан моделдин натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы төмөнкүдөй:**

1. Кыргыз Республикасындагы социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүн калыптандыруунун тарыхый педагогикалык мүнөздөмөсү жана адистин кесиптик компетентүүлүгүнүн мазмуну, түзүлүшү.
2. Социалдык педагогдордун кесиптик компетентүүлүгүн өнүктүрүү атайын уюштурулган педагогикалык шарттар аркылуу камсыздалынат.
3. Өз ара байланышкан компоненттерден турган “Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү модели”.
4. Сунушталган моделдин жана педагогикалык шарттардын негизинде социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүлүгүн өнүктүрүү боюнча уюштурулган педагогикалык эксперименттин натыйжалары.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориядагы мааниси төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт:**

– социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнүн өнүгүү тарыхын талдоо менен адистин кесиптик компетентүүлүгүнүн мазмуну, түзүүшү аныкталды;

– социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнүн мазмунун жана методикасын жакшыртуучу педагогикалык шарттары аныкталды;

– социалдык педагогдордун кесиптик компетентүүлүгүн өнүктүрүнүн модели иштелип чыгып, эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар берилди.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт:** Изилдөөнүн материалдары ЖОЖдо социалдык педагогдорду даярдоодо, социалдык педагогдор, мугалимдер, мектептин администрация мүчөлөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө колдонулат. Эксперимент аркылуу апробациядан өткөрүлгөн социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнүн мазмунун жана методикасын жакшыртуучу "Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүлүгүн өнүктүрүү модели", аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары билим берүү тармагындагы кызматкерлер үчүн гана эмес, социалдык кызматкерлер үчүн дагы пайдалуу болот. Республикалык кесиптик чеберчилигин жогорулатуу институтунун курстарында "Социалдык педагогика. Биринчи кадамдар " атту окуу-методикалык колдонмо, "Өзгөчө кырдаалдарда мектептерде жагымдуу социалдык –психологиялык чөйрөнү түзүү" темасы боюнча тренингдик материалдар, "Социалдык педагогдун турмуштук оор кырдаалга туш болгон балдарга билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуудагы ролу" темасындагы окуу модулу социалдык педагогдордун кесиптик компетентүүлүгүн өнүктүрүүгө салымын кошот.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкретүү сунуштар:**

- изилдөөнүн негизги жыйынтыктары республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда тааныштырылып, талкууланган;
- диссертация боюнча 11 макала, анын ичинен чет өлкөдө -4 макала РИНЦ журналында жана 3 окуу-методикалык колдонмодо чагылдырылган;
- тема боюнча студенттерге, мугалимдерге лекция катары окулган.

Жогорудагылар аркылуу изденүүчүнүн илимий-педагогикалык жобо-концепциялары, корутундулары туура жана теориялык жактан ынанымдуу, **методологиялык жактан негиздүү экендиги тастыкталган**. Диссертация кыргыз педагогикасына ойчул-педагогдун таалим-тарбия идеяларын тааныштыруу жана анын прогрессивдүү жактарын аныктоонун педагогикалык негиздерине олуттуу жана барандуу салым болот.

**Диссертациянын авторефераты** диссертациянын мазмунун толук чагылдырып турат.

Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта төмөнкүдөй **кемчиликтер** кездешет жана ага карата айрым **сунуштар** айтылат:

1. Педагогикалык ойлору боюнча постсоветтик өлкөлөрдүн таанымал инсандарынын, анын ичинде кыргыз окумуштууларынын айткан сөздөрү аз колдонулган.
2. 3-бапта педагогикалык эксперименттин мазмуну, уюштурулушу, натыйжалары жана аларды талдоо боюнча анкеталык сурамжылоо жүргүзүлүптүр, бирок ал жерде гендердик көрсөткүчү, жаш курагы, адистигине карата бөлүп караптырсыз, булар социалдык педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрө алабы. Эгерде өнүктүрсө аны мисал менен так, ачык көрсөтсөңүз болмок.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, диссертациянын жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасирин тийгизе албайт.

Диссертациялык иш кафедранын окуутучу-профессорлорунун катышуусу менен талкууланды (протокол № 6, 27-февраль, 2020-ж.).

Талкуу учурунда диссертация боюнча өз пикирлерин, ой-сунуштарын төмөнкү окумуштуулары билдиришти:

Педагогика жана психология кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Мураталиева М.А., педагогика илиминин доктору, профессор- Добаев К.Д., педагогика илиминин доктору, профессор- Чоров М.Ж., филология илиминин доктору, профессор- Мурзахмедова Г.М., педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу- Джумагулова Г.А., педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу- Сабырова Э.С., доценттин милдетин аткаруучу- Байсубанова А.К., доценттин милдетин аткаруучу -Нурмамбетова Г.К. , ага окутуучу - Кошалиева С.Ш., ага окутуучу - Таирова К.А., окутуучу - Бекмырзаева А.Б., окутуучу- Нурланова А.Н., окутуучу- Молдалиева С.А.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын кенейтилген жыйыны

**чечим кылды:**

1. **Ашымбаева Токтобубу Абасовнанын** «Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүнүн педагогикалык шарттары

( Кыргыз Республикасынын мисалында)» деген темадагы кандидаттык диссертациясы КРнын Жогорку аттестациялык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобонун» 2.5 пунктуна ылайык коюлган талаптарга толук жооп берет.

2. Диссертациялык иштин автору 13.00.01 – жалпы педагогика, билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга толук татыктуу.

***К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин***
***Педагогика жана психология кафедрасынын башчысы,***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***доцент:*** ***Мураталиева М.А.***

***Отурумдук катчы:*** ***Базакечова Г.Э.***

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«____»______________2020____ж.